# Математика

## Окуу китеби

# 2



kitep.edu.kg

Консультант: **Доктор Аманда О'Шиа** • Авторлор: **Аксел Тан, Ко Сиу Гиок жана Доктор Вия Кумари Айадурай**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

**Сөзү Ж. Садыков менен Ш. Кулуевдики**
**Музыкасы Н. Давлесов менен К. Молдобасановдуку**

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

kitep.edu.kg

# Бул китепти кантип колдонуу керек?

Бул окуу китеби сага математиканы кызыктуу жана жөнөкөй көнүгүүлөр аркылуу математикалык концепцияларды түшүнүүгө жардам берүү үчүн жазылган.

Окуу китебинде төмөнкү өзгөчөлүктөр бар:




**Бөлүмгө киришүү**

Теманы күнүмдүк турмуштагы мисалдар аркылуу изилдөөгө жана талкуулоого шыктандырат. Ошондой эле турмуштук кырдаалдар менен байланыштырып, математиканы жакшыраак түшүнө аласың.




Кызыктуу видео, викторина жана оюндар окутууну жандуу кылат. Берилген QR-код аркылуу бул материалдарды смартфон же планшетте көрүүгө болот.

***Сен бул бөлүмдө***

Окутуу максаттарынын тизмесинен эмнелерди окуп үйрөнүүнү алдын-ала билип, даярданууга болот.

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң**

Бөлүмдө окуп үйрөнүлө турган окуу максаттарына көңүл бур.

## Кел, эске салабыз

Эмнени окуп үйрөнгөнүң жана бул бөлүм үчүн эмне пайдалуу болушу мүмкүндүгү жөнүндө ой жүгүртүп, кайталай аласың.

## Ойлонуп көрчү

*Математикалык жаңы түшүнүктөрдү үйрөнүү үчүн чыныгы турмуштук мисалдар же конкреттүү объекттерди колдонуп, алган билимиңди кеңейтүүгө кызыгууңду арттырат.*




kitep.edu.kg




## Кел, окуп үйрөнөбүз

Сени жаңы жана маанилүү математикалык билимди өздөштүрүүгө жардам берүүчү тапшырмаларга алып барат. Үйрөнүүнү чыныгы объекттерден же турмуштагы мисалдардан баштайсың. Андан соң сүрөттөрдү же диаграммаларды колдонуп математикалык идеялар менен иштейсиң. Аягында алган билимди математикалык символдор менен байланыштырып, тереңдетесиң.

Бул суроолордун жардамы менен өз түшүнүгүңдү кеңейтесиң.

Сага математиканы мыкты түшүнүүгө жана тапшырмаларды аткарууга кеңеш берет.

## Кел, машыгабыз

Үйрөнгөн материалдарды бышыктоо үчүн кылдат тандалган тапшырмалары берилет.

Математикалык ой-жүгүртүүгө жана иштөөгө көнүгөсүң.

**Чаптамалар боюнча тапшырма**

Булар математиканы үйрөнүүнү көңүлдүү кылат.

**«Эмнени аткара алаарыңды белгиле»** билдирүүсү аркылуу сабакты өздөштүрүүгө жетишүүңдү баалайсың.




**Иш дептерге** шилтемелер тийиштүү тапшырмаларды аткаруунун ыңгайлуулугун камсыз кылат.

kitep.edu.kg

## Математика ЧЕМПИОНДОРУ

Математикада ишенимдүү болуу үчүн оюнга катыш же кызыктуу бир тапшырманы аткар.



Математика ЧЕМПИОНДОРУ

**4 окуучудан болуп ойногула.**

**Материалдар:**
- 1-ден 20-га чейинки ireттик орундарды камтыган карталардын 4 топтому.

1-кадам: Карталарды аралаштырып, жазуусун төмөн каратып, ортого кой.

2-кадам: Картаны кезектешип ачкыла.

Эгерде, «1-» деп жазылган картаны алсаң, аны жазуусу көрүнүп тургандай кылып ортого койгула.

Эгер башка карта чыкса, анда картаны өзүңдө сактап тур.

3-кадам: 1-ден 20-га чейинки сан катары түзүлгөнчө, картаны кезектешип ачууну уланткыла.

Эгерде, кийинки кезектеги ireттик орунду камтыган карта ачылса, жазуусу көрүнүп тургандай кылып ортого тизип койгула.

Эгер башка карта чыкса, анда картаны өзүңдө сактап тур.

1-ден 20-га чейинки ireттик орундарды камтыган карталар ирети менен тизилип бүткөндө оюн аяктайт.



Эми 20дан 1ге чейин карталарды ирети менен катарга тизип көр.

55



B Сандарды салыштыруу жана ирettөө

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**
- *100гө чейинки сандарды салыштырганды жана ireттегенди.*

**Кел, эске салабыз**

Бакыттын бир нече топтору бар.

Ал эми Акылайда бир нече секиргич оюнчук бар.

Кимде оюнчук көбүрөөк? Бакыттабы же Акылайдабы?

Санап, жоопту тап.



**Ойлонуп көрчү**

*Ынтымактын 40 оюнчук машинасы бар. Кимдин оюнчугу көп? Бакыттыныбы, Акылайдыныбы же Ынтымактыныбы? Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң? Жоопту түшүндүрүү үчүн кубиктерди колдон.*

35

Мээрим жана Жоомарт менен бирге социалдык жана эмоционалдык көндүмдөр жөнүндө көбүрөөк бил. Сезимдериңди жакшыраак түшүнүп жана ар түрдүү адамдар менен баарлашууда өзүңдү туура билдирүүгө үйрөнөсүң.







Математикалык ТҮШҮНҮКТӨР



**Иш дептери**
*Мен эми эмнени аткара алам? (2)*

42

## Математикалык ТҮШҮНҮКТӨР

Сүрөттөрдүн жана диаграммалардын жардамы менен математикалык терминдерди эстей аласың.

kitep.edu.kg

# Мазмуну


**1-бөлүм** **100гө чейинки сандар** 10

А 100гө чейин саноо, окуу жана жазуу ... 11
Б 100гө чейин алдыга жана артка саноо ... 15
В Сандарды көрсөтүү жана атоо ... 20
Г 100гө чейинки сандарды чамалоо ... 23

**2-бөлүм** **Разряддык маани** 28

А Разряддык маани ... 29
Б Сандарды түзүү, ажыратуу жана кайра топтоштуруу ... 32
В Сандарды салыштыруу жана иреттөө ... 35
Г Сандарды эң жакын ондукка чейин тегеректөө ... 38

**3-бөлүм** **Акча** 43

А Акчанын маанисин табуу ... 44
Б Акчаларды майдалоо ... 47

**4-бөлүм** **Иреттик сандар** 51

А Иреттик сандарды колдонуу ... 52

**5-бөлүм** **100 ичиндеги сандарды кошуу жана кемитүү** 57

А Кошуу менен кемитүүнүн байланышы ... 58
Б 20ны түгөй сандардан куроо ... 61
В 100 ичиндеги сандарды түгөй сандардан куроо ... 64
Г 100 ичиндеги кошуу ... 67
Д 100 ичиндеги кемитүү ... 71


kitep.edu.kg

6-БӨЛҮМ Мыйзам ченемдүүлүк жана ыктымалдуулук 76

А Кокустук жана туруктуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү түшүнүү 77
Б Ыктымалдуулукту изилдөө 80

7-БӨЛҮМ 2D жана 3D фигуралар 85

А 2D фигураларын сүрөттөө, бөлүштүрүү, атоо жана чийүү 86
Б Айлана жана тегерек. Тегеректин борбору 91
В Симметрия сызыгын табуу 94
Г 3D фигураларды сүрөттөө, бөлүштүрүү жана атоо 97
Д Объекттерден 2D жана 3D фигураларды табуу 102

8-БӨЛҮМ Сандык мыйзам ченемдүүлүктөр 107

А Жуп жана так сандар 108
Б 100гө чейинки сан удаалаштыгы 111

9-БӨЛҮМ Көбөйтүү 116

А Бирдей топторду кошуу аркылуу көбөйтүү 117
Б Матрицаларды түзүү 120
В 1ге, 2ге, 5ке жана 10го көбөйтүү жадыбалы 123

10-БӨЛҮМ Бөлүү 132

А Бирдей бөлүктөргө бөлүү 133
Б Топтоштуруу жолу менен бөлүү 136
В Бирдей топторду кемитүү жолу менен бөлүү 139
Г Көбөйтүү менен бөлүүнүн байланышы 142

kitep.edu.kg

11-БӨЛҮМ Маалыматты чагылдыруу 147

А Маалыматтарды бөлүштүрүү 148
Б Тизмелерди, таблицаларды жана санак таблицаларын түзүү 151
В Венн жана Кэрролл диаграммаларын окуу жана түзүү 155
Г Блок-диаграмманы жана пиктограмманы окуу жана түзүү 159

12-БӨЛҮМ Изилдөө 164

А Изилдөөнү пландаштыруу 165
Б Маалыматты жазуу жана чагылдыруу 168
В Маалыматты сүрөттөө жана суроолорго жооп берүү 171

13-БӨЛҮМ Жарымдарды жана чейректерди табуу 176

А Фигуранын $\frac{1}{4}$ин табуу 177
Б Көптүктүн $\frac{1}{4}$ин табуу 180
В Бөлүү аркылуу $\frac{1}{2}$ди жана $\frac{1}{4}$ди табуу 184
Г Фигуранын жана көптүктүн $\frac{3}{4}$үн табуу 187

14-БӨЛҮМ Үлүштөрдү бириктирүү 192

А Үлүштөрдү салыштыруу 193
Б Үлүштөрдү бириктирүү 196

kitep.edu.kg

15-
БӨЛҮМ
**Убакыт** 201

А Жыл санак 202
Б Убакыт бирдиктерин иреттөө жана салыштыруу 206
В Убакытты аныктоо 210

16-
БӨЛҮМ
**Буруу, кыймыл жана чагылуу** 216

А Бурууга жараша бурчтарды аныктоо 217
Б Фигураларды жана объекттерди айландыруу 222
В Кыймылдарды сүрөттөө 225
Г Фигуралардын чагылуусу 228

17-
БӨЛҮМ
**Узундук, салмак жана сыйымдуулук** 233

А Узундукту чамалоо жана өлчөө 234
Б Түз сызыктарды чийүү 242
В Салмакты чамалоо жана өлчөө 244
Г Сыйымдуулукту чамалоо жана өлчөө 249

kitep.edu.kg






# 1-БӨЛҮМ

# 100гө чейинки сандар

Кошумча материалдар




kitep.edu.kg

*Оюнчуктардын жалпы санын кантип санайсың? Батыраак саноонун башка жолун таап көр.*

**Сен бул бөлүмдө:**

- *0дөн 100гө чейин объекттерди санайсың;*
- *100гө чейинки сандарды окуйсуң жана жазасың;*
- *0дөн 100гө чейинки сандарды бирден, экиден, бештен же ондон алдыга жана артка санайсың;*
- *10го чейинки топтордогу объекттердин санын атайсың;*
- *объекттердин санын ар кандай жолдор менен көрсөтөсүң;*
- *100гө чейин чамалайсың.*

# A 100гө чейин саноо, окуу жана жазуу

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**
- *Одөн 100гө чейин санаганды;*
- *100гө чейинки сандарды окуганды;*
- *100гө чейинки сандарды жазганды.*

## Кел, эске салабыз




10дон ары алдыга саноону улант.

Бакыттын канча оюнчук машинасы бар?

Бул санды сөз түрүндө кантип жазасың?

## Ойлонуп көрчү

*20дан баштап алдыга саноону улант.*
*Кантип санай турганыңды ойлонуп көр.*



kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** Акылай куруттарды **ондон** санайт.



*10*
***он***



*20*
***жыйырма***



*30*
***отуз***



*40*
***кырк***



*50*
***элүү***



*60*
***алтымыш***



*70*
***жетимиш***



*80*
***сексен***



*90*
***токсон***



*100* ***жүз***

kitep.edu.kg

**б)** Айшада бир нече курут бар.

Ал куруттарды ондон жана бирден санап жатат.



*10* *он*    *20* *жыйырма*    *30* *отуз*

 *31* *отуз бир*

 *32* *отуз эки*

 *33* *отуз үч*

 *34* *отуз төрт*

**Сан түрүндө жаз:** ______  **Сөз түрүндө жаз:** ____________

## Кел, машыгабыз

**1.** Бул жерде канча балмуздак вафлиси бар?



10 , ______, ______, ______, ______, ______

**Сан түрүндө жаз:** ________

**Сөз түрүндө жаз:** ______________________________________

kitep.edu.kg

**2.** Сана.



**3.** Бакыт менен Акылайдын 23 шары бар.

Акылайдын колунда канча шар бар, сүрөтүн тарт.



**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

- ☐ Мен 0дөн 100гө чейин санай алам.
- ☐ Мен 100гө чейинки сандарды окуй алам.
- ☐ Мен 100гө чейинки сандарды жаза алам.

***Иш дептери***
*1А тапшырмалары*

kitep.kg

# Б

# 100гө чейин алдыга жана артка саноо

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *бирден, экиден, бештен жана ондон алдыга санаганды;*
- *бирден, экиден, бештен жана ондон артка санаганды.*

## Кел, эске салабыз




Сандар кандай өзгөрүп жатат?

10дон баштап алдыга 2ден сана.




## Ойлонуп көрчү

*Сезим дагы кандай башка жол менен экиден санай алат?*
*Парталашың менен талкуула.*



kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** Табакта 30 алча бар.

Айгүл табакка дагы 5 алча салды.

Ал **бирден** алдыга санады.




Айгүлдө азыр ________ алча бар.

Айгүл досуна 6 алча берди.

Ал 35тен баштап бирден артка санады.




Айгүлдө эми ________ алча калды.

**б)** Бака 20 санынан баштап беш жолу секирди.

Ал алдыга **экиден** секирди. Бака кайсы санга токтойт?




Бака ________ санына токтойт.

kitep.edu.kg

Башка бака 50дөн баштап 6 жолу секирди.

Ал экиден артка секирди.

Бака кайсы санга токтойт?






Бака ____________ санына токтойт.

**в)** Белек 0дөн баштап **бештен** алдыга санады.

10дон кийин кайсы сан болот?

5ке көп 5ке көп 5ке көп

| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 0 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | |

10дон кийин ____________ болот.

Белек 100дөн баштап артка бештен санады.

Бош орунга кайсы сан туура келет?




| | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 86 | 87 | 88 | 89 | 90 | 91 | 92 | 93 | 94 | 95 | 96 | 97 | 98 | 99 | 100 |

5ке аз 5ке аз 5ке аз

Калтырылган сан. ____________




kitep.edu.kg

**г)** Сезимде 35 калем бар.

Ал дагы 10дон 4 боо калем алды.

Анан алдыга **ондон** санады.






Ал 40 калемди санады.

Сезимдин азыр ________ калеми бар.

Анан 50 калемин досторуна берди.

Эми ондон артка санады.




Сезимдин ________ калеми калды?




ktep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.** Ар бир кийинки сан 1ге көп.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 70 | 71 | ___ | ___ | 74 | ___ |

**2.** Алдыга бештен сана.

80 81 82 83 84 85 86 87 88 89 90 91 92 93 94 95 96 97 98 99 100

80 ___ 90 95 ___

**3.** Боштуктарга кайсы сандар туура келет?

**а)** 22 24 ___ 28 ___ 32 34

**б)** 97 → 87 → ___ → 67 → 57 → ___ → 37

Мыйзам ченемдүүлүктү кантип толтурганыңды түшүндүр.

**4.** Анна өзүнүн оюнчуктарын санап жатат.
Ал 80ден баштап 100гө чейин санады.
Ал дагы үч ар башка жол менен кантип санай алат?

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ Мен бирден, экиден, бештен жана ондон алдыга санай алам.

☐ Мен бирден, экиден, бештен жана ондон артка санай алам.

***Иш дептери***
*1Б тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# В Сандарды көрсөтүү жана атоо

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *10го чейинки топтордогу объекттердин санын атаганды;*
- *объекттердин санын ар кандай жолдор менен көрсөткөндү.*

## Кел, эске салабыз

Белек үч кубикти өкчөдү.

Ар бир кубикте канча чекит бар экендигин санабай туруп тап.



## Ойлонуп көрчү



*Сүрөттө канча кол чатырды көрүп турасың? Аны кантип билдиң? Кол чатырлардын санын ар кандай ыкмалар менен көрсөт.*

kitepedu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

Жалбыракта бир нече айланкөчөктөр бар.



Айланкөчөктөрдү төмөндөгүдөй жолдор менен  да жайгаштырса болот.



Айланкөчөктөрдүн жайгашууларын көрсөтүүнүн дагы эки башка жолун ойлоп тапкыла. Фишкаларды колдонгула.




kitep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

1. Мында канча алча бар? ____________



2. 

Бул жылдызчаларды дагы эки башка жол менен жайгаштыр. Фишкаларды колдон.



3. Улан карта тандап жатат.



Чекиттерди дагы эки башка жол менен тарт.

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

- ☐ Мен 10го чейинки топтордогу объекттердин санын айта алам.
- ☐ Мен объекттердин санын ар кандай жолдор менен көрсөтө алам.

***Иш дептери***
*1В тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# Г 100гө чейинки чамалоо

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *объекттердин же адамдардын 100гө чейинки санын чамалаганды.*

## Кел, эске салабыз




***А столу***



***Б столу***

kitep.edu.kg

Б столунда канча кыпчыткыч бар деп ойлойсуң, санабай туруп таап көр.

## Ойлонуп көрчү





*Бул жерде канча кыпчыткыч бар экенин санабай туруп таап көр. Божомолду кантип жасаганыңды түшүндүрүп бер.*

# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** Мирбек өзүндө канча шарик бар экенин чамалап жатат.

Ал 10 шарикти тегеректеди.



Бул жерде ичинде 10 шарик менен 4төй топтом бар.

Мирбектин 40тай шариги бар.




**б)** Талаадагы балдардын санын чамалап көр.



Талаада _____________ бала бар.



# Кел, машыгабыз

**1.** Аквариумдагы балыктардын санын чамала. ________.






**2.** Гүлжандын бекиткичтеринин санын чамалап көр. ________



**3.** Төмөндөгү залга канча окуучу бата тургандыгын чамала. Сенин чамалооңду дагы кантип жакшыртууга болот?



**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ Мен объекттердин же адамдардын 100гө чейинки санын чамалай алам.

***Иш дептери***
*1Г тапшырмалары*

https://www.edu.kg

**Математика ЧЕМПИОНДОРУ**

**Парталашың менен ойно.**

**Керектелүүчү каражаттар:**

- *100 кубиктен турган куту*




**1-кадам:** Кутудан эки колдоп бир нече кубик ал.

**2-кадам:** 1-кадамда канча кубик алганыңды чамалап көр.

**3-кадам:** 1-кадамда алган кубиктерди санап чык.

Парталашың санаган ыкмадан башкача ыкма менен санап көр.

Кимдин чамалоосу туура жоопко жакын болсо, ошол жеңет.

Математикалык
# ТҮШҮНҮКТӨР




10го көп

**20дан 2ге чоң сан 22**

**35тен 2ге кичине сан 33**




20дан 5ке чоң сан 25

35тен 5ке кичине сан 30




**чамалоо менен**

***40тай окуучу***

***Иш дептери***

*Мен эми эмнени аткара алам? (1-бөлүм)*

ktep.edu.kg

**2-**
**БӨЛҮМ**

# Разряддык маани

**Кошумча материалдар**




*Акылай дагы канча даана шоколад алышы керек? Сен муну билиш үчүн, 27 санын кандайча ажыратып, эсептей аласың?*

## Сен бул бөлүмдө:

- сандагы ар бир цифранын разряддык маанисин табасың;
- сандарды ондуктар менен бирдиктерден түзөсүң, ажыратасың жана кайра топтоштурасың;
- 100 ичиндеги сандарды салыштырасың жана иреттейсиң;
- сандарды эң жакын ондукка чейин тегеректейсиң.

kitep.edu.kg

# A Разряддык маани

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *сандагы ар бир цифранын разряддык маанисин тапканды.*

## Кел, эске салабыз




Белектин чакасында канча балык бар?

kitep.edu.kg

## Ойлонуп көрчү

*Сезим 23 балык кармады.*

**а)** *2 цифрасы эмнени билдирет?*

**б)** *3 цифрасы эмнени билдирет?*

*Парталашың менен талкуула.*



# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)**



40 жумуртка бар.

Сен 40 санын разряддык таблицада көрсөтө аласың.



| *ондук* | *бирдик* |
|---|---|
| 4 | 0 |

4 цифрасы **ондук разрядда** турат.

Анын **мааниси** - 40.

0 цифрасы **бирдик разрядда** турат.

Анын мааниси - 0.

**б)** Мирбек 34 санын разряддык таблицада көрсөтөт.





| *ондук* | *бирдик* |
|---|---|
| 3 | 4 |

3 цифрасы ондук разрядда турат.

Анын мааниси ________.

4 цифрасы бирдик разрядда турат.

Анын мааниси ________.

kitep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.** Дүкөндө 47 сызгыч бар.

**а)** Разряддык таблицаны толтур.

**б)** Ондук разрядда ________ цифрасы турат.

Анын мааниси ________.



| ондук | бирдик |
|---|---|
| ________ | ________ |

**в)** Бирдик разрядда ________ цифрасы турат.

Анын мааниси ________.

**2.** Боштуктарды толтур.

**а)** 9 ондук= ________

**б)** ________ = 1 ондук жана 6 бирдик.

**3.**

*Менде 10дон 20га чейинки санда калем бар.*

*Менде 80ден 90го чейинки санда калем бар. Менин бирдик разрядымдагы цифрамдын мааниси А кутусунун бирдик разрядындагы маанիден кичине.*

*Менин бирдик разрядымдын мааниси эң чоң – ал 9.*




Ар бир кутуда канчадан калем болушу мүмкүн?

Парталашыңа түшүндүрүп бер.

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ Мен сандагы ар бир цифранын разряддык маанисин таба алам.

***Иш дептери***
*2А тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# Б Сандарды түзүү, ажыратуу жана кайра топтоштуруу

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *сандарды ондуктар жана  бирдиктерди колдонуп түзгөндү;*
- *сандарды ондуктарга жана  бирдиктерге ажыратканды;*
- *сандарды кайра топтоштурганды.*

## Кел, эске салабыз



12ни кандай жолдор менен кайра топтоштурса болот?

## Ойлонуп көрчү

*Ынтымактын көк жана жашыл түстөгү 48 оюнчук машинасы бар. Ар бир түстө канчадан машинасы болушу мүмкүн? Жообуңду парталашың менен бөлүш.*



kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** 30 көк жана 6 кызыл калем бар.




Сен 36ны ондукту жана бирдикти колдонуп **түзө** аласың.

30 + 6 = 36

30 жана 6 ________ санын түзөт.

*30 жана 6 — бул 3 ондук жана 6 бирдик дегенди билдирет.*



Сен разряддык орундарды колдонуп 36ны **ажырата** аласың.

36 = 30 + 6

**б)** Сен ар кандай жолдор менен 36ны **кайра топтоштура** аласың.



Биринчи жолу: 36 = 10 + 10 + 10 + 6

Экинчи жолу: 36 = ________ + 20 + 6



Үчүнчү жолу: 36 = 32 + ________

*Сенин классташың башкача ыкма колдонушу мүмкүн. Бири-бириңердин оюңарды урматтагыла.*



*36ны дагы кандай башка жолдор менен кайра топтоштура аласың? Жоопторуңду парталашыңдын жооптору менен салыштыр.*



kitep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.** Боштуктарды толтур.

**а)**




______ + 6 = 26

26 = ______ + ______

**б)**




______ + 8 = 38

38 = ______ + ______

**2.** Дүкөндө 24 оюнчук бар.

24тү эки  жол менен кайра топтоштур.

**3.** 37ни түзүү үчүн беш санды боё.

10  10  10  20  0  1  2  3  4  5  6  7

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

- ☐ Мен сандарды ондук  жана бирдиктерди колдонуп түзө алам.
- ☐ Мен сандарды ондук жана бирдиктерге ажырата алам.
- ☐ Мен сандарды кайра топтоштура алам.

***Иш дептери***
*2Б тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# В Сандарды салыштыруу жана ireттөө

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *100гө чейинки сандарды салыштырганды жана ireттегенди.*

## Кел, эске салабыз

Бакыттын бир нече топтору бар.

Ал эми Акылайда бир нече секиргич бар.



Кимдин буюму көбүрөөк?
Бакыттыкыбы же Акылайдыкыбы?

Санап, жоопту тап.

*Парталашың менен кошо санап, ага жардам бер.*



## Ойлонуп көрчү

*Ынтымактын 40 оюнчук машинасы бар.
Кимдин оюнчугу көп? Бакыттынбы, Акылайдынбы же Ынтымактынбы?
Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң?
Жоопту түшүндүрүү үчүн кубиктерди колдон.*



kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

Акылайда, Белекте жана Сезимде бир нече калем бар.




Алар сандарды салыштыруу үчүн сан түз сызыгын сызышат.




24   38ден **кичине**.

38   24төн **чоң**.

*24   30га караганда 20га  жакыныраак.*
*38   30га караганда 40ка жакыныраак.*



28ди сан түз сызыгынан көрсөт.

__________ 20га караганда

30га жакыныраак.

*Эмне үчүн бул жерге 28 саны жазылат деп ойлойсуң? Парталашың менен талкуула.*



Үч санды эң кичинесинен баштап ирети менен  жайгаштыр.

__________, __________, __________

эң кичинеси                    эң чоңу

kitepedu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.**




**а)** Бош орунга “чоң” же “кичине” деген сөздү жаз.

57 63төн ______________________________.

**б)** 54тү жогорку сан түз сызыгында белгиле.

54 57ден чоңбу же кичинеби? __________

**2.** Чолпон, Мирбек жана Эрболдун оюндан топтогон упайлары төмөндө көрсөтүлгөн.

| 89 | 54 | 62 |
|---|---|---|
| Эрбол | Чолпон | Мирбек |

**а)** Арина оюнга кошулду.

Ал Чолпондон көп, бирок Мирбектен аз упай топтоду.

Аринанын упайы канча болушу мүмкүн?__________.

Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң? Парталашыңа айтып бер.

**б)** Мирбек, Чолпон, Эрбол жана Аринанын топтогон упайларын эң чоңунан баштап ирети менен жайгаштыр.

__________, __________, __________, __________

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ 100гө чейинки сандарды салыштыра алам жана иреттей алам.

*Иш дептери*
*2В тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# Г Сандарды эң жакын ондукка чейин тегеректөө

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *сандарды эң жакын ондукка тегеректегенди.*

## Кел, эске салабыз




Белек Сезимге жакынбы же Бакыткабы?

Кантип билдиң?

## Ойлонуп көрчү






*27   20га жакынбы же 30габы?*

*Эмне үчүн?*

kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

Санды эң жакын ондукка чейин **тегеректөө** үчүн, анын кайсы ондукка жакыныраак экенин аныкташ керек.




**а)** 23 20 менен 30дун арасында жайгашкан.

23тү эң жакын ондукка тегеректегенде 20 болот.




**б)** 27 саны 20 менен ________ арасында жайгашкан.

27 саны 20га караганда ________ жакыныраак.

27 санын эң жакын ондукка тегеректегенде 30 болот.

**в)** 25 саны 20 менен 30дун так ортосунда жайгашкан.

25 санын эң жакын ондукка тегеректегенде 30 болот.

kitep.edu.kg

Эң жакын ондукка чейин **тегеректегенде**, бирдик разряддын цифрасын кара.

- Эгер бирдик разряддын цифрасы 4 же андан кичине болсо, мурунку ондукка тегеректейсиң.
- Эгер бирдик разряддын цифрасы 5 же андан чоң болсо, кийинки ондукка тегеректейсиң.

# Кел, машыгабыз

**1.** Боштуктарды толтур.




64 __________ менен __________ арасында жайгашкан.

Ал __________ караганда __________ жакыныраак.

64тү эң жакын ондукка тегеректегенде __________ болот.

**2.** Сандарды эң жакын ондукка тегеректе.
Жоопторуңду сан түз сызыгында көрсөт.

**а)** 17 __________ **б)** 22 __________

**в)** 55 __________ **г)** 83 __________

**3.** 82 99 75 95 89

**а)** Кайсы эки санды эң жакын ондукка тегеректегенде 80 болот? __________ жана __________.

**б)** Кайсы эки санды эң жакын ондукка тегеректегенде 100 болот? __________ жана __________.

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ Мен сандарды эң жакын ондукка тегеректей алам.

***Иш дептери***
*2Г тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# Математика ЧЕМПИОНДОРУ

**4 окуучудан болуп ойногула.**

## Керектелүүчү каражаттар:

- *21ден 99га чейинки (ондуктарды кошпогондо) сандар жазылган карталардын топтому*
- *бош сан түз сызыктары*

*Жоопторуңарды түшүндүрүү үчүн кезек менен сүйлөсөңөр болот.*



**1-кадам:** Ар бир оюнчу кезектешип бирден сан картасын алат.

**2-кадам:** Ар бир оюнчу төмөнкү суроолордун ичинен каалаган суроосун тандап, жооп берет:

а) Сен бул санды кантип түзөсүң?

б) Сен бул санды кантип ажыратасың?

в) Сен бул санды кайра кантип топтоштурасың?

г) Бул санды эң жакын ондукка тегеректегенде, кайсы сан болот?

Жообуңду сан түз сызыгы аркылуу көрсөт.




kitep.edu.kg

## Математикалык
# ТҮШҮНҮКТӨР

| | ондук | бирдик |
|---|---|---|
| цифра | 2 | 6 |
| мааниси | 20 | 6 |

**түзүү** - санды **кошуу**

**ажыратуу** - санды **бөлүштүрүү**

26 → ***кайра топтоштуруу*** 23 + 3; 10 + 10 + 6




***эң кичинеси*** (20)

*57 саны 20дан **чоң**.*
*57саны 82ден **кичине**.*

***эң чоңу*** (82)

21, 22, 23 жана 24 сандары 30га караганда 20га жакыныраак.

25, 26, 27, 28 жана 29 сандары 20га караганда 30га жакыныраак.




*Бирдик разряддагы цифра 4 же андан кичине болсо,* **мурунку ондукка** *тегеректелет.*

*Бирдик разряддагы цифра 5 же андан чоң болсо,* **кийинки ондукка** *тегеректелет.*

***Иш дептери***
*Мен эми эмнени аткара алам? (2-бөлүм)*

kitep.edu.kg

3-
БӨЛҮМ

# Акча

**Кошумча материалдар**




*5 сомду канча түрдүү жол менен майдалоого болот? 5 сомду жалаң монеталар менен көрсөтө алабызбы?*

**Сен бул бөлүмдө:**

- акчанын маанисин табуу үчүн алдыга санайсың;
- 1 сомду ар кандай жолдор менен майдалайсың;
- бирдей эле суммадагы акча үчүн түрдүү комбинацияларды жазасың.

# A Акчанын маанисин табуу

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**

- *акчанын маанисин табуу үчүн алдыга санаганды.*

## Кел, эске салабыз










Ар бир монета жана купюранын номиналдык баасы канча?

## Ойлонуп көрчү










*Сезимде 5 сом бар.*
*Ал жогорудагы объекттерден экөөнү сатып алгысы келет.*
*Сенин оюңча, ал эмнелерди сатып алса болот?*



kitep.edu.kg

## Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** **Сом** с деп жазылат, **тыйын** *тый.* деп жазылат.




1 с




3 с




5 с




10 с




______ С




50 С




______ С




*1 тый.*




*5 тый.*




____ *тый.*




*25 тый.*




____ *тый.*

*Бул беттеги купюраларды жана монеталарды чыныгы акча менен салыштыр. Эмнеси менен окшош жана эмнеси менен айырмаланат?*



**б)** Сезимде 50 тыйындык монета бар.

Ал канча оюнчук сызгыч сатып алса болот?




10 *тыйындан* алдыга сана.

10 *тый.*, 20 *тый.*, 30 *тый.*, 40 *тый.* ______ *тый.*

Беш сызгыч 50 *тый.* турат.

Ал ______ сызгыч сатып алат.

**в)** Сезим төмөнкүдөй акчаларды пайдаланып китеп сатып алды.

Ал 20 сомдук, 10 сомдук жана эки 3 сомдук купюра менен төлөдү.

Китептин баасы канча?













Китептин баасын табыш үчүн алдыга сана.

20 С, 30 С, 33 С, ______ С.

Китептин баасы ______ С.

kitep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.** Акчанын маанисин табуу үчүн алдыга сана.




*50 тый.* *25 тый.* *10 тый.* *5 тый.* *5 тый.* ______

**2.** 23 сомду алыш үчүн алдыга сана.

Бул үчүн акча моделдерин колдон.

**3.**




**А** **Б** **В** В **Г**

Артём бир нече китеп үчүн 50 сом сарптады.

Ал эң көп дегенде канча китеп сатып алса болот?

Китептерди ата.

Ал эң аз дегенде канча китеп сатып алса болот?

Китептерди ата.

Сага кайсы комбинация жагып жатат? Эмне үчүн?




**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

☐ Мен акчанын маанисин табуу үчүн алдыга санайм.

***Иш дептер***
*3А тапшырмалары*

kitep.edu.kg

# Б Акчаларды майдалоо

**Сен эмнени окуп үйрөнөсүң:**
- *1 сомду ар түрдүү жолдор менен майдалаганды;*
- *бирдей маанидеги акча үчүн ар кандай комбинацияларды жазганды.*

## Кел, эске салабыз




Бул калем салгычты сатып алуу үчүн сага 2 сомдук купюра моделинен канчоо керек?

## Ойлонуп көрчү



*Белек менен Бакыт бирден калем салгыч сатып алышты. Алар төмөндөгү купюралар жана монеталар менен төлөштү.*




Белек




Бакыт

*Ар бир бала канча купюра жана монета пайдаланды?*

*Калем салгычтын баасы жана төлөнгөн акчалар тууралуу эмне айтууга болот?*

kitep.edu.kg

# Кел, окуп үйрөнөбүз

**а)** Жаңылда 1 сомдук купюра бар.
Ал аны монеталарга алмаштырды.







*Бир 1 сомдук купюра*




*50 тыйындык* 2 монета




Он даана ____________ тыйындык.

**б)** Диана 10 сомдук купюраны майда купюраларга жана тыйындарга алмаштырып жатат.




*Бир 10 сомдук купюра*

Бир 5 сомдук купюра, бир ____________ сомдук купюра бир ____________ сомдук купюра жана төрт 25 *тыйындык* монета.









kitep.edu.kg

# Кел, машыгабыз

**1.** Бош орундарды толтур.




**2.** Купюра жана монеталарды колдонуп, 100 сомду эки түрдүү жол менен майдала.

Акча моделдерин колдон.

Биринчи жолу:

Экинчи жолу:

**3.** Арууке 3 сомго курут сатып алды.

Ал 10 *тый*., 25 *тый*., жана 50 *тый*. монеталар менен төлөдү.

Арууке бардыгы 16 монета колдонду.

Ал кайсы монеталарды канча жолу колдонду?

**Эмнени аткара аларыңды белгиле (✓).**

- ☐ 1 сомду түрдүү жолдор менен майдалай алам.
- ☐ Бирдей маанидеги акча үчүн ар кандай комбинацияларды жаза алам.

***Иш дептери***
*3Б тапшырмалары*

kitep.edu.kg



4-

# Математика ЧЕМПИОНДОРУ

**Парталашың менен ойно.**

**Керектелүүчү каражаттар:**

- Акча моделдердин топтому
- оюн карталары

Ар бир оюнчуга оюнчук акча моделдердин топтому берилет.

Биринчи оюнчу — кассир, экинчи оюнчу — кардар болот.

Ар бир оюнчу карта сууруп алат.

Кардар кассирге акча төлөйт же акчасын майдалатат.




Оюнчулардын бири экинчисинен көбүрөөк акча чогултканда, оюн токтотулат.

## Математикалык ТҮШҮНҮКТӨР

### Майдалоо




*Иш дептери*
*Мен эми эмнени аткара алам? (3-бөлүм)*

kitep.edu.kg